
Керез Зарлыкова

# САРЫ ООЗ БАЛАПАНДАР



Керез Зарлыкова

# САРЫ ООЗ БАЛАПАНДАР



«КУТААЛАМ» БИШКЕК – 2019

УДК 821.51–93
ББК 83.8
З 34

**Зарлыкова К.**

З 34 **Сары ооз балапандар:** Б.:«Кутаалам», 2019 – 12 б.: сүр.
кырг.

ISBN 978–9967–9081–5–4

З 4803300100–18

ISBN 978–9967–9081–5–4

УДК 821.51–93
ББК 83.8
© ЖЧК «Кутаалам», 2019

2010

Ашкананын төбөсүнө чабалекей уя салды. Көп күн бою оозуна ылай тиштеп келип, араң дегенде бүтүрдү.

Улан муну байкап жүрчү. Кийин ошол уяда сары ооз балапандар пайда болду. Бул окуя баарын кубандырды. Биринчи болуп уй сааганы турган апасы көрүп келип, балдарына айтты.



КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. №

Жаңылыкты угаар менен уктап жаткан Улан: «Ураа»! деп ыргып тура калды. Ылдам кийинип, ашканага жүгүрдү. Анын үнүнөн кичинекей карындашы Паризат да ойгонуп кетти. Ал да тура калып, бут кийимин тетири кийип, Улandын артынан жүгүрдү.





Ашканадагы жоон устунга салынган уя балдарга сонун көрүндү. Улан менен Паризат сонуркап караштты. «Чыйп-чыйп, чыйп-чыйп» эткен балапандардын үндөрү угулду. Жанынан кетпей, көпкө карап турушту.

Эки чабалекей ачык турган эшиктен учуп чыгып, сары ооздорго тамак ташып келип беришет. Балапандар ооздорун ачып, берген тамакты талашып жеп жатышты.





– Кызык экен, - деди Улан апасына келип, – чабалекейлер балдарына тамак берип жатышат, көрсөң, апа.


– Ооба балам, ата-эне баланы ошентип багат, силер да ошондой сары ооз балапансыңар. Биз силерди кандай жакшы көрсөк, чабалекейлер да балдарын ошондой жакшы көрүшөт.

Апасынын бул сөзү Уланга абдан жакты. «Мен апам менен атамды кандай жакшы көрсөм, сары ооз балапандар да ата-энесин ошондой жакшы көрүшөт», - деп ойлоду. Аларга күн сайын көз салып турчу болду.

Балапандар улам чоңоё беришти.



Бир күнү атасы менен апасы жумушка ке-тишкен. Демейде ашкананы бекитишчү эмес. Өзгөчө чабалекей уя салгандан бери эшикти ачык коюшчу. Бүгүн үйдө шаардан келген Асел эжеси калган. Ал ашкананы бекитип, өзү тең-туштары менен кетип калыптыр.



Улан мектептен келип, ашкананы тегеренип учкан чабалекейлерди көрдү. Балдары ичинде, өздөрү тышта калган байкуштардын чыйпылдаган үнүн укту. Муну көрүп, бала чыдай алган жок. Буларга жардам берүү керек. Кантип?.. Кантип болсо да бир айласын табуу зарыл.

Ал көпкө буйдалды. Ары жакта достору топ ойноп жатышкан. Алар кыйкырып, Уланды чакырып жатышты.

– Улан, кел бери! Биздин командага кошул…





Кээси ышкырып да жатты. Досторунун үнүн уккан сайын чыдамы кетип, аларга жүгүрүп жеткиси келди. Бирок, балапандардын үнүн угуп, кайра токтоду.

Аңгыча жогортон келаткан Асылбек байкесин көрүп, сүйүнүп кетти.

– Байке, жардам бериңизчи, - деди ага жүгүрүп жетип.

– Ой, эмне болду, Улан? Кандай ишке жардам берейин?

– Байке, ашкананын ачкычы жок. Балапандар камалып калды. Терезенин бир көзүн алыш керек.

– Апаңар урушпайбы?

– Байке, антпесек балапандар ачкадан өлүп калышат го. Апамдар келгиче көп бар. Эжемдин да качан келерин билбейм.

Асылбек байкеси терезенин көзүн алып салды. Ачык терезеден зуу этип чабалекейлер учуп кирип, балдарына жетишти.



АБОНЕМЕНТ

**Керез Зарлыкова**

САРЫ ООЗ БАЛАПАНДАР

*Мектеп жашындагы кенже балдар үчүн*

Басманын директору *Б. Джапарова*
Сүрөтчү *И. Абдыжапаров*
Көркөм редактору *А. Тугулбаева*
Компьютердик калыптоочу *К. Абдыжапаров*

Басууга 21. 11. 2019. кол коюлду.
Офсет кагазы 120 г. Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$
Түстүү ыкма. Көлөмү 1,0 накта басма табак.
Нускасы 1 042 даана.

«Кутаалам» басмасында даярдалды.
Бишкек ш., Горький көчөсү, 1.
**www.kutaalam.kg,**
**e-mail.: kutaalam2012@gmail.com**
Тел.: 0 (312) 53 48 63, + 996 559 999 902,
+ 996 553 903 903

1-класс
- 1.1. деңгээл
- 1.2. деңгээл
- 1.3. деңгээл

2-класс
- 2.1. деңгээл
- 2.2. деңгээл

3-класс
- 3.1. деңгээл
- 3.2. деңгээл

4-класс
- 4.1. деңгээл
- 4.2. деңгээл

USDA

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MERCY CORPS

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» Программасынын алкагында басылып чыгып, таркатылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду.

Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.